Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын
2018-жылдын III чейрегиндеги абалы тууралуу

# ОТЧЕТ

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча ИДӨ көлөмү 2018-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча күндөлүк баада 2017-жылдын III чейрегинин тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 2,6 пайызга көбөйүү менен 154,7 млрд. сомду (2017-жылдын III чейрегинде реалдуу өсүш 2,5 пайызды) түзгөн. ИДӨнүн өсүшүнө негизги салымды кызмат көрсөтүү, айыл чарба жана курулуш секторлору кошкон. «Кумтөр» алтын кен казып алуу ишканасын эске албаганда, ИДӨнүн реалдуу өсүшү жогору түптөлүп, 2,9 пайыз чегинде катталган.

1-график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы




2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн сом)







2018-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөмдөр көлөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилинин көрсөткүчүнө салыштырганда 25,5 пайызга төмөндөгөн. Банк операцияларынын өсүш арымынын (-29,8 пайызга) кыскарышы төлөмдөр көлөмүнүн төмөндөшүнүн негизги факторунан болуп саналат.

Отчеттук мезгил ичинде банк операцияларынын кыйла кыскарышы банктар аралык төлөмдөр түзүмүндө аталган операциялардын үлүшүнүн азайышына жана ушундан улам бюджеттик жана бюджеттик эмес уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагынын өсүшүнө алып келген. Ошол эле учурда, төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банк операциялары – 83,0 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп келет, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн үлүшү 11,2 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр, активдер жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 5,9 пайызды түзгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн түзүмүндө кирген бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 52,3 пайызды, чыккан бюджеттик төлөмдөрдүн салыштырма салмагы 36,8 пайызды, ал эми активдер жана милдеттенмелер менен операциялар боюнча төлөмдөрдүн салыштырма салмагы – 10,8 пайызды түзгөн.

2018-жылдын III чейреги ичинде бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмү 2017-жылдын III чейрегиндеги тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 6,8 пайызга көбөйүү менен 87,6 млрд. сомду түзгөн. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу ишке ашырылган, мамлекеттик бюджеттен чыккан төлөмдөрдүн көлөмү өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 13,7 пайызга көбөйгөн. Мамлекеттик бюджетке төлөмдөрдүн көлөмү да 8,9 пайызды түзүү менен өскөн.

Отчеттук мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасы башкача калыптанган: мамлекеттик бюджеттин жалпы кирешеси 0,5 пайызга, ал эми жалпы чыгашасы 7,5 пайызга төмөндөгөн. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн жана мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлеринин динамикасындагы мындай айырмачылык банктар аралык төлөм системасында операциялар катышычуулардын көп саны менен ишке ашырылышы менен түшүндүрүлөт (мисалы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду). Ал эми мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери боюнча маалыматтар Бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу гана ишке ашырылган операцияларга негизделет.

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын кайтарымдуулугу 2018-жылдын III чейрегинде 99,0 пайызды түзгөн, бул көрсөткүч 2017-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 0,4 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын III чейрегинде нак акчанын кайтарымдуулугу 98,6 пайызды түзгөн).

**1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жүгүртүлүүсү**

| Региондордун аталышы | Келип түшкөн, млн сом | | Берилген, млн сом | | Кайтарымдуулук, % | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-жылдын III чейреги | 2018-жылдын III чейреги | 2017-жылдын III чейреги | 2018-жылдын III чейреги | 2017-жылдын III чейреги | 2018-жылдын III чейреги |
| **Бардыгы** | **387 334,8** | **427 945,5** | **392 835,6** | **432 170,6** | **98,6** | **99,0** |
| Бишкек шаары | 181 548,0 | 199 596,1 | 178 906,7 | 196 698,6 | 101,5 | 101,5 |
| Ош шаары | 51 157,9 | 55 649,1 | 52 688,7 | 57 060,8 | 97,1 | 97,5 |
| Чүй областы | 35 340,1 | 40 492,6 | 35 275,3 | 40 390,8 | 100,2 | 100,3 |
| Ысык-Көл областы | 23 962,8 | 26 497,1 | 24 776,2 | 27 246,3 | 96,7 | 97,3 |
| Талас областы | 8 125,5 | 8 436,4 | 9 586,7 | 9 607,2 | 84,8 | 87,8 |
| Нарын областы | 7 993,6 | 9 720,0 | 8 815,4 | 10 575,6 | 90,7 | 91,9 |
| Ош областы | 21 833,2 | 22 608,1 | 21 792,3 | 22 641,1 | 100,2 | 99,9 |
| Жалал-Абад областы | 40 213,6 | 44 563,4 | 43 906,7 | 47 564,4 | 91,6 | 93,7 |
| Баткен областы | 17 160,1 | 20 382,7 | 17 087,6 | 20 385,8 | 100,4 | 100,0 |

2017-жылдын III чейрегине салыштырганда 2018-жылдын III чейрегинде республиканын бардык аймактары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү төмөнкү областтар боюнча катталган:

- Ош шаары боюнча – 0,4 пайызга;
- Чүй областы боюнча – 0,1 пайызга;
- Ысык-Көл областы боюнча – 0,5 пайызга;
- Талас областы боюнча – 3,1 пайызга;
- Нарын областы боюнча – 1,2 пайызга;
- Жалал-Абад областы боюнча – 2,1 пайызга.



**4-график. Региондор боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтарымдуулук (%)**

2018-жылдын III чейреги ичинде нак акча кайтарымдуулугунун кыйла жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча – 101,5 пайызды жана Чүй областы боюнча – 100,3 пайызды түзгөн. Ал эми нак акча кайтарымдуулугунун кыйла төмөнкү көрсөткүчү Талас областы боюнча – 87,8 пайыз деңгээлинде катталган.

Коммерциялык банктардын кассаларына 2018-жылдын III чейрегинде келип түшкөн нак акчанын суммасы 427 945,5 млн. сомду түзгөн, бул көрсөткүч 2017-жылдын ушул эле чейрегине салыштырганда10,5 пайызга көбөйгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына негизги булактар боюнча келип түшкөн нак акчалар төмөнкү көрсөткүчтөрдү түзгөн:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмашуу пунктуларынан – 168 563,3 млн. сом, көбөйүү 5,8 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 159 269,8 млн. сом);

- товарларды сатып өткөрүүдөн – 24 068,6 млн. сом, көбөйүү 9,8 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 21 924,6 млн. сом);

- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 62 884,3 млн. сом, көбөйүү 46,7 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 42 872,1 млн. сом);

- локалдык акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн – 32 139,7 млн. сом, 8,4 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 29 659,0 млн. сом);

- кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоодон жана аткарылган иштерден – 34 596,1 млн. сом, 10,5 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 31 321,4 млн. сом);

- чет өлкө валютасын сатуудан – 32 076,5 млн. сом, 14,3 пайызга көбөйгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 28 064,3 млн. сом).

**5-график. 2017-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары (млн сом)**




**6-график. 2018-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан келип түшүүлөрдүн негизги булактары(млн сом)**




Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акча 2018-жылдын III чейрегинде 432 170,6 млн. сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн жылдын III чейрегине салыштырганда 10,0 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын III чейрегинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчанын негизги багыттары төмөнкүдөй болгон:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 167 776,0 млн. сом берилип, көбөйүү 6,1 пайыз чегинде катталган (2017-жылдын III чейрегинде – 158 072,5 млн. сом);

- кызмат көрсөтүүлөр жана аткарылган иштер үчүн төлөөлөр 0,02 пайызга төмөндөө менен 21 242,1 млн. сомду түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 21 246,8 млн. сом);

- банкоматтарга акча жүктөө үчүн 85 233,5 млн. сом берилип, көбөйүү 33,6 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 63 813,1 млн. сом);

- локалдык акча которууларды төлөөгө 30 078,0 млн. сом берилип, көбөйүү 10,8 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 27 134,9 млн. сом);

- товарлар үчүн төлөөгө 3 724,7 млн. сом берилип, көбөйүү 1,7 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 3 663,2 млн. сом);

- чет өлкө валютасын сатып алууга 51 047,4 млн. сом берилип, көбөйүү 9,2 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде – 46 747,2 млн. сом);

- эмгек акыларды төлөөгө 1 151,5 млн. сом берилип, төмөндөө 4,8 пайызды түзгөн (2017-жылдын III чейрегинде 1 209,9 млн. сом берилген).

**7-график. 2018-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**




**8-график. 2018-жылдын III чейреги ичинде коммерциялык банктардын кассаларынан берилген акча каражаттарынын негизги багыттары (млн сом)**



## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы

2018-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү **50 058.7 млн. сомду** түзгөн, бул:

- өткөн чейрекке салыштырганда 2,1 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 2,1 пайызга көбөйгөн.

2018-жылдын III чейрегинде клиринг төлөмдөрүнүн саны **2 557 643** төлөмдү түзгөн, бул:

- өткөн чейрекке салыштырганда 8,1 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 9,1 пайызга көбөйгөн.



**9-график. Клиринг төлөмдөрүнүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**

### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы (мындан ары – эсептешүүлөрдүн гросстук системасы )

2018-жылдын III чейреги ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү **735 556,2 млн. сомду** түзгөн:

- өткөн чейрекке салыштырганда 5,6 пайызга көбөйгөн:
- ошондой эле өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда автоматташтырылган тоорук системасы боюнча банк операцияларынын төмөндөшүнөн улам, 26,7 пайызга азайган.

Бардыгы болуп, эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2018-жылдын III чейреги ичинде **113 385 төлөм** өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 8,4 пайызга;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 18,1 пайызга көбөйгөн.



**10-график. Гросстук төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана санынын динамикасы (млн сом)**

**2-таблица. Клиринг жана гросстук төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| Мезгили | Клиринг | | Гросс | | Жыйынтыгында | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) | Саны | Көлөмү (млн сом) |
| 2017-ж. III ч. | 2 344 171 | 49051,0 | 95 993 | 1 002 959,8 | 2 440 164 | 1 052 010,8 |
| 2017-ж. IV ч. | 2 050 321 | 55806,2 | 113 934 | 824 982,8 | 2 164 255 | 880 789,0 |
| 2018-ж. I ч. | 2 097 179 | 41969,6 | 97 978 | 872 138,9 | 2 195 157 | 914 108,5 |
| 2018-ж. II ч. | 2 366 594 | 51 138,3 | 104 637 | 696 848,4 | 2 471 231 | 747 986,7 |
| 2018-ж. III ч. | 2 557 643 | 50 058,7 | 113 385 | 735 556,2 | 2 671 028 | 785 614,9 |

### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу[1]

2018-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү бардык коммерциялык банктар сунуштаган, анын ичинен 16 банк эл аралык төлөм системасынын жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 25 банк карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*1) Банктык төлөм карттар эмиссиясы*

2018-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү банктык төлөм карттарынын жалпы саны 2 359,8 миң картты түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 4,4 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда карттардын саны 27,7 пайызга өскөн.

Төлөм карттар түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

**- Эл аралык системалар 1 204 398 (51,1%):**

- «Visa» 650 778 (27,6%);
- «Master Card» 19 248 (0,8%);
- «Золотая корона» (Россия) 524 067 (22,2%);
- «Union Pay International» 10 305 (0,4%).

**- «Элкарт» улуттук системасы 1 155 400 (48,9 %):**

- «Элкарт» 1 142 433 (48,4%);
- «Элкарт-UPI» 12 967 (0,5%).

**3-таблица. Кыргыз Республикасынын төлөм карттар рыногунун өнүгүшүнүн көрсөткүчтөрү**

| Көрсөткүчтөр | 2017-ж. III чейреги | 2018-ж. II чейреги | 2018-ж. III чейреги | 2018-жылдын III чейреги үчүн өсүш арым % | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 2017-ж. III ч. | 2018-ж. II ч. |
| Чыгарылган төлөм карттарынын саны (миң даана) | 1 846,8 | 2 260,7 | 2 359,8 | 27,8 | 4,4 |
| Миң киши башына чыгарылган төлөм карттарынын саны (эмгекке жарамдуу жана пенсия курагы) | 460,0 | 546,0 | 570,0 | 23,9 | 4,4 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны (млн тран.) | 7,6 | 9,3 | 9,6 | 26,3 | 3,2 |
| Төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү (млн сом) | 39 292,3 | 48 776,6 | 50 099,0 | 27,5 | 2,7 |
| Кыргыз Республикасынын аймагында төлөм карттары аркылуу ишке ашырылган нак эмес операциялардын көлөмүнүн ИДӨгө карата катышы (%) | 8,6 | 9,9 | 10,2 | 18,1 | 2,7 |

**11-график. Жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**12-график. 2018-ж. 1-октябрына карата областтар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын жалпы саны**




**4-таблица. Областтар жана системалар боюнча жүгүртүүдөгү карттардын саны**

| Региондун аталышы | Visa | MasterCard | Золотая Корона | Элкарт | UPI | Элкарт-UPI | Бардыгы (миң д.) | Үлүшү (%) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бишкек ш. | 460 160 | 13 388 | 145 865 | 327 620 | 6 709 | 6 317 | 960 059 | 40,7 |
| Чүй областы | 26 889 | 1 610 | 57 391 | 115 155 | 1 538 | 362 | 202 945 | 8,6 |
| Ысык-Көл областы | 29 208 | 936 | 45 097 | 98 214 | 457 | 1 153 | 175 065 | 7,4 |
| Нарын областы | 8 522 | 342 | 33 710 | 74 192 | 0 | 101 | 116 867 | 5,0 |
| Талас областы | 13 650 | 95 | 18 008 | 45 409 | 569 | 1 140 | 78 871 | 3,3 |
| Жалал-Абад областы | 35 552 | 1 177 | 97 160 | 180 800 | 526 | 995 | 316 210 | 13,4 |
| Ош областы | 62 877 | 1 321 | 93 288 | 217 310 | 389 | 1 765 | 376 950 | 16,0 |
| Баткен областы | 13 920 | 379 | 33 548 | 83 733 | 117 | 1 134 | 132 831 | 5,6 |
| **Бардыгы** | **650 778** | **19 248** | **524 067** | **1 142 433** | **10 305** | **12 967** | **2 359 798** | **100** |

Бишкек шаары коммерциялык банктардын филиалдарынын/сактык кассаларынын, финансы ресурстарынын ж.б. концентрацияланышы жагында эң жогорку көрсөткүчтөр менен мүнөздөлгөн, ушундан улам төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногу бул жерде кыйла өнүккөн. 2018-жылдын III чейреги ичинде Бишкек шаары боюнча картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмүнүн үлүшү 57,0 пайызды түзгөн. Кыйла төмөнкү көрсөткүч – 3,0 пайыз Талас областында катталган.

13-график. 2018-ж. III чейреги үчүн областтар боюнча картты колдонуу аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү жана саны (миң сом)




2018-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча картты колдонуу аркылуу эсептешүүлөр системасы боюнча коммерциялык банктардын банктык эсептериндеги депозиттик база калдыгынын көлөмү 21,8 млрд. сомду түзгөн. Мында, өткөн чейректегиге салыштырмалуу 2,9 пайызга төмөндөө байкалган (бул банктардын кардарларынын санынын азаюусуна жана сезонго байланыштуу), ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, 2,1 пайызга өсүү байкалган.

14-график. Коммерциялык банктардын карт-эсептериндеги депозиттик базанын калдыктарынын динамикасы (млрд сом)




***2) Банктык төлөм карттар эквайринги***

2018-жылдын III чейрегинин акырына карата абал боюнча банктык төлөм карттар, анын ичинде «Элкарт» улуттук төлөм карты республиканын бардык аймактарында орнотулган 1 546 банкоматта жана 9 554 POS-терминалда тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда банкоматтардын саны 12,2 пайызга же 168 банкоматка көбөйгөн, ал эми POS-терминалдар – 18,9 пайызга же 1 521 POS-терминалга көбөйгөн). Мындай өсүү калкка банктык төлөм карттарын колдонуу боюнча шарттарды түзүү максатында коммерциялык банктардын аралыкта орнотулган жабдууларды көбөйтүү иш-чараларына байланыштуу келип чыккан.

Учурда иштеп жаткан POS-терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн:

- Visa жана MasterCard эл аралык системалары боюнча 568 банкомат жана 4 551 POS-терминал;

- «Золотая корона» эл аралык системасы боюнча 209 банкомат жана 1 318 POS-терминал.

15-график. Системалар боюнча банкоматтардын саны




16-график. Системалар боюнча терминалдардын саны



**5-таблица. Областтар боюнча аралыкта орнотулган жабдуулардын саны**

| Региондун аталышы | Банкоматтар (даана) | Pos-терминалдар (даана) | | Төлөм терминалдар (даана) |
|---|---|---|---|---|
| | | соода ишканаларында | банктарда | |
| Бишкек ш. | 674 | 5 921 | 566 | 530 |
| Чүй областы | 127 | 604 | 185 | 153 |
| Ысык-Көл областы | 152 | 393 | 191 | 163 |
| Нарын областы | 53 | 41 | 111 | 54 |
| Талас областы | 51 | 60 | 73 | 72 |
| Жалал-Абад областы | 188 | 242 | 263 | 206 |
| Ош областы | 231 | 370 | 383 | 254 |
| Баткен областы | 70 | 25 | 126 | 86 |
| **Бардыгы** | **1 546** | **7 656** | **1 898** | **1 518** |

3) ***Банктык төлөм карттарды колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы***

2018-жылдын III чейрегинде картты колдонуу менен ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү 50 099,0 млн. сомду түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын көлөмү 2,7 пайызга көбөйгөн, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү 24,1 пайызды түзгөн.

Бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келген, ал 47 264,6 млн. сом чегинде катталган, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 94,3 пайызды түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда ишке ашырылган операциялардын көлөмү 2,2 пайызга көбөйгөн, бул өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 26,7 пайызга жогору. Соода-тейлөө ишканаларындагы POS-терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 2 834,4 млн. сомду түзгөн (бул ишке ашырылган бардык операциялардын 5,7 пайызын түзөт), мында ишке ашырылган операциялардын көлөмү өткөн чейрекке салыштырмалуу 11,6 пайызга көбөйгөн, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 43,0 пайызга өскөн.

2018-жылдын III чейрегинде картты колдонуу менен 9,6 млн. транзакция ишке ашырылган. Операциялардын саны өткөн чейрекке салыштырганда 3,2 пайызга көбөйгөн, мында өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда операциялардын саны боюнча көрсөткүч 22,4 пайызга өскөн.

Бардык ишке ашырылган операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга туура келип, ал 8 027,8 миң транзакция чегинде катталган, бул бардык операциялардын жалпы санынын 83,7 пайызын түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 2,3 пайызга, ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 21,1 пайызга көбөйгөн.

Соода-тейлөө ишканаларында орнотулган POS-терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын саны 1 565,1 миң транзакция чегинде катталган (операциялардын бардык көлөмүнүн 16,3 пайызы). Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын саны 6,1 пайызга жогорулаган, мында өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда өсүш 54,3 пайызды түзгөн.

**6-таблица. Соода-тейлөө ишканаларында нак акчага айландыруу жана төлөө боюнча операциялардын саны жана көлөмү карттар боюнча**

| Төлөм карттын түрү | 2018-ж. II чейреги | | | | 2018-ж. III чейреги | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | | Нак акча алуу | | Соода-тейлөө ишканасында төлөө | |
| | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) | Саны | Көлөмү (миң сом) |
| AMEX | 742 | 3 708,7 | 637 | 15531,0 | 2 205 | 12 480,3 | 1 167 | 20 321,7 |
| Элкарт | 4 026 158 | 18 855 942,4 | 344 300 | 363872,2 | 4 274 846 | 21 282 494,0 | 379 405 | 379 131,3 |
| Visa | 2 101 946 | 19 351 855,5 | 1 002 312 | 1952769,7 | 1 974 777 | 18 734 251,1 | 1 044 459 | 2 139 987,7 |
| Элкарт-UPI | 43 443 | 198 596,7 | 4 828 | 5883,4 | 33 029 | 143 948,5 | 4 942 | 8 794,8 |
| UPI | 35 452 | 278 518,3 | 1 424 | 2141,5 | 22 672 | 184 062,2 | 1 132 | 3 318,3 |
| MasterCard | 136 640 | 1 195 332,0 | 62 498 | 168355,9 | 152 488 | 1 388 216,0 | 87 630 | 259 241,7 |
| Золотая Корона | 1 501 797 | 6 353 929,0 | 58 775 | 30168,2 | 1 567 747 | 5 519 131,9 | 46 325 | 23 652,4 |
| **Бардыгы** | **7 846 178** | **46 237 882,6** | **1 474 774** | **2 538 722,0** | **8 027 764** | **47 264 583,9** | **1 565 060** | **2 834 447,9** |

**7-таблица. Карт ээлеринин активдүүлүгүнүн көрсөткүчтөрү тууралуу маалымат**

| Операциянын түрү | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо көлөмү | | | | | Жүгүртүүдө бир карт боюнча операциялардын орточо саны (бир) | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2017-ж. III ч. | 2017-ж. IV ч. | 2018-ж. I ч. | 2018-ж. II ч. | 2018-ж. III ч. | 2017-ж. III ч. | 2017-ж. IV ч. | 2018-ж. I ч. | 2018-ж. II ч. | 2018-ж. III ч. |
| Нак акчага айландыруу | 20,2 миң сом | 23,1 миң сом | 18,0 миң сом | 20,4 миң сом | 20,0 миң сом | 3,6 | 3,7 | 3,1 | 3,5 | 3,4 |
| Соода-тейлөө ишканасы аркылуу | 1 073,3 сом | 1 216,5 сом | 1 146,6 сом | 1 123,0 сом | 1 201,1 сом | 0,5 | 0,7 | 0,6 | 0,7 | 0,7 |

## 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр[1]

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөрү SWIFT, «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. ушул сыяктуу системаларды пайдалануу менен ишке ашырылган. Мында, банктар чек ара аркылуу төлөмдөрдү өткөрүү үчүн SWIFT системасын көбүрөөк пайдаланышкан.

2018-жылдын III чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 13 түрү боюнча жүзөгө ашырылган. Ушул эле жылдын III чейреги ичинде кирген төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 559,6 млрд. сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 15,1 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 31,6 пайызды түзгөн).

Ал эми чыккан төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 566,5 млрд. сомду түзгөн, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда 8,6 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү 23,1 пайыз чегинде катталган).

## 3.5. Акча которуулар[1]

Бүгүнкү күндө акча которуу көлөмүнүн өсүшү байкалууда. Бул, коммерциялык банктар тарабынан ыңгайлуу шарттар түзүлгөндүгүн жана кардарлар тарабынан банк продуктарды жигердүү колдонуусун тастыктайт. Мындан тышкары, сезонду жана валюта рыногунун өзгөрүлмөлүүлүгүн да эске алуу зарыл.

2018-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча акча которуулар эл аралык жана локалдык системалар аркылуу жүзөгө ашырылган. Эл аралык акча которуу системалары боюнча кирген которуулардын жалпы саны 2 241 081 түзүү менен 54,3 млрд. сом суммасы чегинде түптөлгөн, бул өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,3 жана 4,9 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда которуулардын саны 16,3 пайызга көбөйгөн, ал эми анын көлөмү 3,2 пайызга төмөндөгөн). Чыккан которуулардын саны 184 552 түзүү менен 12,7 млрд. сом суммасында катталган, мында которуулардын саны өткөн чейрекке салыштырганда 0,9 пайызга азайган, ал эми көлөмү 7,2 пайызга жогорулаган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша, 17,9 жана 10,6 пайызды түзгөн).

Кыргыз Республикасынын региондору боюнча кирген жана чыккан которуулардын көлөмү боюнча көбүрөөк салыштырма салмак Бишкек шаарына - кирген которуулардын жалпы көлөмүнөн 46,3 пайызы жана чыккан которуулардын жалпы көлөмүнөн 59,5 пайызы туура келген.

**17-график. 2018-жылдын III чейреги ичинде областтар боюнча кирген акча которуулардын үлүшү (%)**




**18-график. 2018-жылдын III чейреги ичинде областтар боюнча чыккан акча которуулардын үлүшү (%)**




[1] Булагы: Коммерциялык банктардын мезгил-мезгили менен берилүүчү банктык отчеттору.

Отчеттук чейрек ичинде эл аралык акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.

*1) АКШ долларында акча которуулар*

2018-жылдын III чейрегинде кирген которуулардын жалпы саны 272 386 түзүп, 191,8 млн. АКШ доллар суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 5,6 жана 6,1 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда которуулардын саны 13,1 пайызга көбөйгөн, ал эми көлөмү 9,6 пайызга азайган). Чыккан которуулардын саны 84 703 түзүү менен 97,9 млн. АКШ доллар суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,9 жана 1,3 пайызга жогору (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 20,8 жана 17,6 пайызды түзгөн).

*2) Евро валютасында акча которуулар*

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 9 733 түзүү менен 4,2 млн. евро суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,2 жана 10,0 пайызга көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда көбөйүү тиешелүүлүгүнө жараша 26,0 жана 0,2 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 2 314 түзүү менен 3,6 млн. евро суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда 1,7 пайызга төмөндөгөн, ал эми которуулардын көлөмү 1,5 пайызга жогорулаган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, которуулардын саны 16,6 пайызга көбөйгөн, ал эми которуулардын көлөмү 22,9 пайызга азайган).

*3) Орус рублинде акча которуулар*

2018-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча кирген которуулардын саны 1 893 710 түзүү менен 37 200,2 млн. рубль суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,4 жана 5,0 пайызга көбөйгөн (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 18,1 жана 11,1 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары, чыккан которуулардын саны 90 112 түзүп, 4 980,5 млн. рубль суммасында ишке ашырылган, бул өткөн чейрекке салыштырганда которуулардын саны 7,0 пайызга төмөндөгөн, ошол эле учурда которуулардын көлөмү 10,8 пайызга жогорулаган (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 12,0 жана 12,1 пайызга көбөйгөн).

*1) Казак теңгесинде акча которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде кирген которуулардын саны 847 түзүү менен 62,6 млн. теңге суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 53,2 жана 44,5 пайызга азайган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 58,8 жана 53,6 пайызга азайган). Чыккан которуулардын саны 414 төлөмдү түзүү менен 51,4 млн. теңге суммасында катталган, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 32,8 жана 16,9 пайызга аз (ал эми өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 46,9 жана 56,1 пайызды түзгөн).

*2) Кыргыз сомунда акча которуулар*

2018-жылдын III чейреги ичинде кирген которуулардын саны 64 405 түзүү менен 1 338,2 млн. сом суммасында катталган, бул көрсөткүч өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 24,6 жана 55,1 пайызга жогорулаган (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда азаюу тиешелүүлүгүнө жараша 12,4 жана 2,7 пайызды түзгөн). Чыккан которуулардын саны 7 009 түзүү менен 328,5 млн. сом суммасы чегинде түптөлгөн, бул өткөн чейрекке салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,1 жана 4,3 эсе көбөйгөн (өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,2 жана 4,6 эсеге көбөйгөн).

**8-таблица. Акча которуу системалары боюнча акча которуулар**

| Акча которуу системалары | | 2017-ж. III ч. | | 2018-ж. II ч. | | 2018-ж. III ч. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом | Саны, даана | Көлөмү, млн сом |
| Western Union | Кирген | 93 798 | 2 626,1 | 99 854 | 2 561,2 | 103 817 | 2 704,2 |
| | Чыккан | 7 168 | 412,3 | 9 478 | 575,4 | 10 070 | 575,4 |
| Contact | Кирген | 52 981 | 2 068,2 | 195 294 | 3 768,4 | 137 154 | 2 947,4 |
| | Чыккан | 2 687 | 127,1 | 6 878 | 210,0 | 8 032 | 270,9 |
| Money Gram | Кирген | 23 281 | 856,9 | 20 006 | 803,3 | 20 229 | 844,4 |
| | Чыккан | 1 622 | 125,4 | 1 611 | 89,0 | 1 591 | 87,6 |
| Xpress money | Кирген | 225 | 12,7 | 52 | 5,4 | 3 | 0,5 |
| | Чыккан | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| Юнистрим | Кирген | 290 150 | 13 166,0 | 225 557 | 6 949,7 | 250 267 | 7 340,2 |
| | Чыккан | 7 448 | 1 213,6 | 5 015 | 682,3 | 5 167 | 650,2 |
| БЛИЗКО | Кирген | 708 | 18,1 | 624 | 11,8 | 442 | 16,6 |
| | Чыккан | 3 | 0,0 | 12 | 0,1 | 3 | 0,1 |
| FASTER | Кирген | 2 550 | 46,6 | 1 972 | 27,7 | 920 | 14,7 |
| | Чыккан | 785 | 23,8 | 622 | 12,7 | 420 | 10,0 |
| Золотая Корона | Кирген | 1 425 113 | 36 121,9 | 1 620 611 | 37 420,5 | 1 725 607 | 40 287,2 |
| | Чыккан | 135 815 | 9 523,1 | 161 817 | 10 226,7 | 158 423 | 11 050,0 |
| БЭСТ | Кирген | 397 | 10,5 | 120 | 3,1 | 2 | 0,0 |
| | Чыккан | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 | 0 | 0,0 |
| RIA | Кирген | 654 | 24,6 | 1 496 | 53,0 | 1 457 | 52,7 |
| | Чыккан | 7 | 0,3 | 13 | 0,8 | 24 | 1,6 |
| Башка система | Кирген | 1 839 | 110,5 | 2 240 | 111,4 | 1 183 | 60,3 |
| | Чыккан | 721 | 17,2 | 792 | 20,0 | 822 | 24,1 |
| **Жыйынтыгында системалар боюнча** | **Кирген** | **1 891 696** | **55 061,9** | **2 167 826** | **51 715,5** | **2 241 081** | **54 268,1** |
| | **Чыккан** | **156 256** | **11 442,9** | **186 238** | **11 817,1** | **184 552** | **12 669,9** |

## 3.6. Төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары

2018-жылдын 1-октябрына карата абал боюнча 23 юридикалык жак Улуттук банктын лицензиясына ээ болгон, анын ичинен 22 лицензия төлөм системасынын операторунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна жана 21 лицензия төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна каралган. 2018-жылдын 28-августунда «АЙБИЭС МА» ЖЧК төлөм системасынын операторунун жана төлөм уюмунун ишин жүзөгө ашыруу укугуна (эки) лицензия алган.

2018-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы боюнча төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу 7,0 млрд. сом жалпы суммасына 44,7 млн. транзакция ишке ашырылган.

Бардык төлөмдөрдүн негизги үлүшү уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына туура келген – 3,5 млрд. сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 50,0 пайыз), уюлдук байланыш операторлорунун пайдасына өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны 40,0 млн. төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынан 89,6 пайыз).

Электрондук капчыктарды толуктоо көлөмү 1,2 млрд. сом (бардык төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнө карата 16,7 пайыз), ал эми толуктоолордун саны 915,9 миңди түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 2,1 пайызы). Кызмат көрсөтүүлөрдүн/товарлардын мамлекеттик жана коммуналдык сунуштоочуларынын пайдасына келтирилген төлөмдөрдүн көлөмү (коммуналдык кызматтарга, салык жыйымдарына, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр, мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр) 706,4 млн. сомду түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы көлөмүнүн 10,1 пайызы), ал эми төлөмдөрдүн саны 1,8 млн. төлөмдү түзгөн (төлөмдөрдүн жалпы санынын 4,0 пайызы).

**9-таблица. Төлөм системаларынын операторлору/төлөм уюмдары аркылуу өткөрүлгөн төлөмдөрдүн саны жана көлөмү**

| № | Төлөмдүн түрү | Саны, бир. | Үлүшү, % | Көлөмү, миң сом | Үлүшү, % |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мобилдик байланыш кызматы | 40 049 693 | 89,55 | 3 486 697 | 49,97 |
| 2 | Катталган телефон байланышы | 68 149 | 0,15 | 14 751 | 0,21 |
| 3 | Интернет | 337 154 | 0,75 | 286 479 | 4,11 |
| 4 | Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 1 456 758 | 3,26 | 509 298 | 7,30 |
| 5 | Салык жыйымдары | 118 794 | 0,27 | 118 230 | 1,69 |
| 6 | Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кайгуул кызматына айыптык төлөмдөр | 39 033 | 0,09 | 16 984 | 0,24 |
| 7 | Мамлекеттин бюджетине башка төлөмдөр | 156 160 | 0,35 | 61 908 | 0,89 |
| 8 | Банктык эсепти толуктоо | 39 644 | 0,09 | 140 295 | 2,01 |
| 9 | Финансы-кредит мекемесинин кредити үчүн төлөө | 109 847 | 0,25 | 452 958 | 6,49 |
| 10 | Башка банктык кызмат көрсөтүүлөр | 5 302 | 0,01 | 9 303 | 0,13 |
| 11 | Электрондук капчыкты толуктоо | 915 874 | 2,05 | 1 164 325 | 16,69 |
| 12 | Интернет-дүкөндөр | 12 153 | 0,03 | 12 158 | 0,17 |
| 13 | Социалдык тармактар | 15 599 | 0,03 | 4 512 | 0,06 |
| 14 | Интернет оюндары | 77 382 | 0,17 | 30 469 | 0,44 |
| 15 | Башка интернет-тиркемелеринде эсепти толуктоо | 232 968 | 0,52 | 261 117 | 3,74 |
| 16 | Такси кызматтары үчүн төлөө | 798 578 | 1,79 | 64 585 | 0,93 |
| 17 | Букмекердик чендер | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 |
| 18 | Жарыя кызматтары | 115 | 0,00 | 56 | 0,00 |
| 19 | Кулактандыруулар | 15 645 | 0,03 | 3 802 | 0,05 |
| 20 | Кайрымдуулук | 995 | 0,00 | 149 | 0,00 |
| 21 | Билим алуу | 6 227 | 0,01 | 8 543 | 0,12 |
| 22 | Туристтик кыдыруулар | 1 210 | 0,00 | 10 397 | 0,15 |
| 23 | Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине караштуу «Тышкы соода чөйрөсүндө «Бирдиктүү терезе» борбору» мамлекеттик ишканасы | 0 | 0,00 | 0 | 0,00 |
| 24 | Башка төлөмдөр | 267 366 | 0,60 | 320 454 | 4,59 |
| **2018-жылдын III чейрегинин жыйынтыгы:** | | **44 724 646** | 100,00 | **6 977 469,66** | 100,00 |






Төлөм уюмдарынын иши өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалы (cash-in), агенттик тармак жана электрондук акчаны колдонуу аркылуу үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөрдү кабыл алууга негизделген. 2018-жылдын III чейрегинин акырына карата төлөм уюмдарынын өз алдынча тейлөөнүн автоматташтырылган терминалдарынын саны 5 169, POS-терминалдарынын саны – 259, төлөм системасынын катышуучуларынын саны – 26 034 түзгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл.

## 3.7. Банктык чекене агенттер

Коммерциялык банктардын агенттерди ишке тартуусу аларга товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана жүргүзүү боюнча калкка финансылык кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, кредиттин ордун жабуу,банктык эсепти толуктоо, банктык карттан нак акча каражаттарды берүү, бюджетке төлөмдөрдү кабыл алуу ж.б. мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө шарт түзөт.

2018-жылдын III чейрегинин ичинде ишке тартылган банктык чекене агенттердин саны төмөнкүлөрдү түзгөн:

- 26 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн кеңири чөйрөсүн сунуштаган, өткөн чейрекке салыштырганда көбөйүү 4,0 пайызды түзгөн;
- 194 агент кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бир түрлөрүн сунуштаган, өткөн чейрекке салыштырганда төмөндөө 9,8 пайызды түзгөн.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым бир түрлөрүн сунуштаган агенттердин санынын төмөндөшү коммерциялык банктар тарабынан башка продукттар боюнча жаңы кардарларды тартуу менен байланыштуу болгон.